**№ 02-048-2024-001148-01-001-000735**

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Кадамжай шаары 28.04.2024 -ж./г.

Кадамжай РИИБдин ТКнын улук тергөөчүсү милициянын майору А.Мурадылов, 2024-жылдын 26-апрель күнү Кадамжай РИИБдин КБРнин МЭЖне 02-048-2024-001148 саны менен катталган материалды карап чыгып,

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

Кадамжай РИИБдин Ж.Садиров АМБдин МАЫӨ милициянын капитаны Айбашов Амирбек 0778-51-42-88 уюлдук телефону аркылуу, Кадамжай районунун Молдо-Нияз айыл аймагынын Кыргыз-Кыштак айылында жайгашкан №8143 шайлоо участкасында бир мандаттуу №2 Баткен шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Мадалиев Асылбектин байкоочусу Кулматов Абдуманнап, бир мандаттуу №2 Баткен шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Калпаев Бактияр Алиевичтин үгүтөөчүлөрү шайлоочуларды автоунаада ташып жаткандыгын билдирген.

Аталган маалымат 2024-жылдын 28-апрель күнү саат 17:30 чамасында, Кадамжай РИИБдин МЭЖне 02-048-2024-001148 саны менен катталып, ыкчам тергөө тобу тарабынан текшерүү иштери жүргүзүлө баштаган.

Текшерүү иштеринин жүрүшүндө, Кадамжай районунун Молдо-Нияз айыл аймагынын Кыргыз-Кыштак айылында жайгашкан №8143 шайлоо участкасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Мадалиев Асылбектин байкоочусу Кулматов Абдуманнап өзүнүн уюлдук телефонуна кызыл түстөгү “Деу-Матиз” үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси 03KG 759 AJI сандуу автоунаада ошол эле айылдын тургундары Эргешов Акбар жана Эргешова Бусара аттуу шайлоочуларды шайлоо учаскасына добуш берүү үчүн алып келген учурду видеого тартып алган. Аталган видео тасмада өзү түшүндүрмө берип, Матраимов Шайлоо Араповичти жарандарды автоунаада ташып келди деп көрсөткөн.

Ал эми ар тараптуу жана толук текшерүү үчүн Кадамжай районунун Кыргыз-Кыштак айылынын тургандары кызыл түстөгү “Деу-Матиз” үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси 03KG759AJI сандуу автоунаасынын айдоочусу 08.01.1989-жылы туулган Тойчиев Бекболот Базарбаевич, Эргешов Акбарали, Эргешова Бусара жана Матраимов Шайлоо Араповичтер аныкталып, сурак берүү үчүн тергөө кызматына камсыздалып, аларды окуя боюнча сурак кылган убакта А.Эргешов 2024-жылдын 28-апрель куну 08.00 чамасында шайлоо учаскасына биринчилерден болуп шайлоого барып катышып келип, аялы Эргешова Бусара кант диабети менен ооругандыктан туштон кийин аны да шайлоого алып баруу максатында жолго чыгып бара жатышкан убакта, жолдон кызыл түстөгү “Деу-Матиз” үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси 03KG759AJI сандуу автоунаасынын айдоочусу 08.01.1989-жылы туулган Тойчиев Бекболот Базарбаевич келип калып, аны токтотушуп, ошол шайлоо учаскасына чейин алып алуусун суранышканын билдиришкен. Ушундай эле корсотмону кызыл түстөгү “Деу-Матиз” үлгүсүндөгү мамлекеттик белгиси 03KG759AJI сандуу автоунаасынын айдоочусу 08.01.1989-

жылы туулган Тойчиев Бекболот Базарбаевич да тастыктаган.

Демек, тергөөнүн жыйынтыгында аталган факты боюнча башталган сотко чейинки өндүрүштүн материалдарына карап көрүп, далилдерге баа берүү менен жогоруда аталган фактыда мыйзам бузуучулук аныкталбагандыктан жана кылмыштын курамы далилденбегендигине байланыштуу, мындан ары бул факты боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынууга жатат деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. Бул факты боюча кылмыштын курамы жок болгондуктан кылмыш ишин козгоодон баш тартылсын.
2. Кабыл алынган чечим менен кызыккан тараптарга билдирилип, укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
3. Токтомдун көчүрмөсү көзөмөл иретинде Кадамжай районунун прокуроруна жиберилсин.

Улук тергөөчү Мурадылов Азамат Мурадылович